УДК: 371.8.06
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-296-303

**Өмүрзакова Г.**
окутуучу
Ош мамлекеттик университети
**Омүрзакова Г.**
преподаватель
Ошский государственный университет
**Omurzakova G.**
Lecturer
Osh State University

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕШҮҮ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ЭКСПЕРИМЕНТТЕ ТЕКШЕРҮҮ

## ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНАЯ ПРОВЕРКА ФОРМИРОВАНИЯ КУЛЬТУРЫ МЕЖНАЦИОНАЛЬНЫХ ОТНОШЕНИЙ У МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ ВО ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЕ

## EXPERIMENTAL VERIFICATION OF THE FORMATION OF THE CULTURE OF INTERNATIONAL RELATIONS IN JUNIOR SCHOOLCHILDREN IN EXTRA-CLASS WORK

**Аннотация:** Макалада азыркы кездеги көп улуттуу Кыргызстанда мектеп окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын калыптандыруу актуалдуу маселелердин болуп саналгандыгы көрсөтүлгөн. Бул проблеманы чечүүдө мектептин социалдык фунциясы өсө тургандыгы белгиленген. Мектеп окуучуларынын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын калыптандыруу башталгыч класстан баштоо натыйжалуу боло тургандыгы педагогикалык эксперименттин материалдары менен аныкталган. Башталгыч класстын окуучуларынын мамилелешүү маданиятын калыптандырууда класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу формаларын колдонуу, алардын максаттуу багыттуулугу, улуттук баалуулуктарга негизделиши коюлган милдеттерди учурдун талабына ылайык чечүүгө оң таасирин тийгизет. Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштурууда атайын принциптерди эске алуу, окуучулардын өзүн идентификациялай алышына, өз улутунун жана башка улуттун улуттук баалуулуктарына кызыгуусуна, аларга сый мамиле жасоо сезимдеринин калыптанышна, улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын деңгээлине таасирин тийгизет.

**Негизги сөздөр:** улут, улуттук баалуулук, тарбиялоо, класстан тышкаркы иштер, башталгыч класс, каада – салт, маданият, мамилелешүү, идентификация.

**Аннотация:** В статье показано, что формирование культуры межнациональных отношений у школьников в современном многонациональном Кыргызстане является актуальной проблемой. Отмечается, что в решении этой задачи возрастет социальная функция школы. По материалам педагогического эксперимента установлено, что формировать культуру межнационального общения у школьников, будет эффективно начинать с начальной классах. Использование наиболее оптимальных форм внеклассной работы в формировании культуры общения младших школьников, обосновывая на национальных ценностях положительно влияет на решение поставленных задач в соответствии с современными требованиями. Учет

принципов в организации внеклассной воспитательной мероприятий влияет на самоидентификацию учащихся, интерес к национальным ценностям своего народа и других народов, формирование чувства уважения к ним, уровень культуры межнационального общения .

**Ключевые слова:** нация, национальная ценность, образование, внеурочная деятельность, начальная школа, традиция, культура, отношения, идентичность,

**Annotation:** The article shows that the formation of a culture of interethnic relations among schoolchildren in modern multinational Kyrgyzstan is an urgent problem. It is noted that in solving this problem, the social function of the school will increase. Based on the materials of the pedagogical experiment, it has been established that it will be effective to begin to form a culture of interethnic communication among schoolchildren from the primary grades. The use of the most optimal forms of extracurricular work in the formation of a culture of communication among younger students, justifying it on national values, has a positive effect on solving the tasks set in accordance with modern requirements. Taking into account the principles in the organization of extra-curricular educational activities affects the self-identification of students, interest in the national values of their people and other peoples, the formation of a sense of respect for them, the level of culture of interethnic communication.

**Key words:** nation, national value, education, extracurricular activities, elementary school, tradition, culture, relations, identity,

Улуттар аралык мамилелердин маданиятын калыптандыруу өлкөбүздүн келечегин аныктаган эң татаал проблемалардын бири болуп саналат. Биринчиден, азыркы кездеги дүйнөдөгү ааламдашуу процесси, Кыргызстандагы социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, чек ара маселелери менен байланышкан чыр-чатактар улуттар аралык чыңалуунун жаратып, жаш муундун арасында улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруу милдетин коюп жатат. Экинчиден, көп улуттуу Кыргызстандын улуттук саясатынын Стратегиясында, кабыл алынган концептуалдык документтерде өз элинин мурастарын, өлкөнүн маданий өнүгүүсүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүүгө умтулган маданияттуу «Кыргыз жаранын» тарбиялоонун зарылдыгы баса белгиленген [1].

Мектеп социалдык институт катары бул проблеманы чечүүдө негизи ролду ойнойт. Мына ушуга байланыштуу улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоону башталгыч класстан баштоо жакшы натыйжаны камсыз кылат. Башталгыч класста окуучусунун теңтуштары менен мамилелелешүүсүнүн мүнөзү өзгөрүүгө дуушар болот дагы, анын инсандыгын өнүктүрүүнүн шарты болуп саналат. Алардын байланыштары жана мамилелери локалдашып, мамилелеше билүүнүн маанилүү көндүмдөрү, өзүнүн «мени» жөнүндө билими калыптанат.

Улуттар аралык мамилелер маселеси тарых, философия, этносоцио-логия, психология, педагогика жана башка көптөгөн илимдердин изилдөө обьектисине киргендиктен, проблеманын ар түрдүү аспектилери изилденип бир кыйла теориялар сунушталган.

Улуттар аралык өз ара баарлашуу маданиятын калыптандыруунун маселелери Р.Г. Абдулатипов [2], В.Х. Абэляна [4], З.Т. Гасанов [11], С.Д. Гурьева [22], Л.Н. Дробижева [14], А.В. Мудрик [20], жана башкалардын эмгектеринде каралып, прблеманын методологиялык жана теориялык негиздерии аныкталган. Биздин изилдөөнүн контекстинде башталгыч класстын окуучуларында улуттар аралык өз ара баарлашуу маданиятын калыптандыруунун айрым маселелелерин Адылбек кызы Гүлназ [4], Н.Н. Ажмякова [5], В.И. Ионова [15], Е.А. Кочетованын [19], В.И.Чернышов [26] жана башкалар изилдешкенТоптолгон олуттуу методологиялык жана теориялык материалдар илимий жактан негиздөө менен байланышкан проблеманы аныктоого мүмкүндүк берди.

Улут маселесинин теориялык маселелери Кыргызстандын тарыхчылары, философ, социолог, педагог окумуштуулары тарабынан изилденүүдө. Союз тараганга чейин улуттар

аралык өз ара мамилелешүүнү маселелери М.А. Алтаевдин [16], А. Юнусходжаев [24], Л.Ф. Тимофееванын [23] Н.А. Асипованын [7], А. Кожобаевдин [16] изилдөөлөрүндө интернационалдык тарбия берүүнүн маселелери тарбиянын башка түрлөрү менен айкалыштырып чечишкен. Ал эми СССРдин тарашы улуттар аралык мамиленин курчушуна алып келген. Окумуштуу Н.А. Асипова [1994–2021 ж.б.] изилдөөлөрүндө улуттар аралык өз ара баарлашуу маданиятын калыптандыруунун жаңы социалдык шарттарга ылайык келген фундаменталдуу теориялык, методологиялык жана практикалык маселеси ар тараптуу изилдеген. Н.А. Асипованы Кыргызстанда «Улуттар аралык маданиятты калыптандыруунун педагогикасы» деп аталган тармактын негиздөөчүсү катары карасак болот. Окумуштуу мектеп окуучуларынын улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууда курчап турган чөйрөнүн, жеке психологиялык жана этнопсихологиялык өзгөчөлүктөрүн, тарбиялоонуну этнопедагогикалык ж.б. каражаттарын эске алуу маанилүү педагогикалык шарттардын бири экендигин баса белгилейт. Башкача айтканда, инсандын улуттук өзгөчөлүгү инсан калыптанган чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн бекиткендиктен, инсандын коомдук калыптанышынын негизги факторлорунун бири болуп саналат. Ошентип, улуттук психологиянын өзүнүн материалдык базасы, спецификалык алып жүрүүчүлөрү бар жана бүтүндөй бир элдин, этностук жамааттын өкүлдөрүнүн курчап турган дүйнөнү кабылдоодо жалпылыгы, жүрүм-турумдун туруктуу формаларында, психологиялык өзгөчөлүктөрдө, тилинде, бири-бири менен жана башка адамдар менен болгон мамилесинде, белгилүү окуяларга болгон мамилесинде көрүнөт. [8; 9; 10]

Адылбек кызы Гүлназдын [4] изилдөөсү көп улуттуу билим берүү жамаатында мектеп окуучуларынын улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандырууда жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү боло тургандыгын белгилеген

Р.Г. Абдулатиповдун пикири боюнча улуттар аралык мамилелердин маданияты ар кандай чөйрөсүнүн зарыл атрибуту болуу менен өзүнүн табияты боюнча коомдун руханий турмушунун феномени, улуттук мамилелердин моралдык-саясий жана адептик маңызынын өзгөчө формада чагылдырылышы болуп саналат [2].

З.Т. Гасановдун пикири боюнча улуттар аралык катнаш маданияты — ар түрдүү улуттардагы жана расалардагы адамдарга, алардын маданиятына, каада-салттарына, тилине, тарыхына, улуттук кадыр-баркына урмат-сый менен мамиле кылуу. Улуттар аралык баарлашуу маданияты адамдардын көп улуттуу чөйрөдө укуктук жана моралдык-этикалык нормаларды аткаруусун билдирет” [11].

Н.З. Мунгиеванын пикири боюнча, улуттар аралык мамилелешүү маданияты – бул түрдүү улуттагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелердин нормаларынын, эрежелеринин, формаларынын жана жолдорунун жыйындысы [21].

Ал эми В.П. Комаров улуттар аралык мамилелешүү маданиятын башка улуттун адамдарынын өзгөчөлүгүн адекваттуу кабыл алуу жана ошого ылайык өзүнүн жүрүм-турумун көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү деп эсептейт [17].

Демек, улуттар аралык мамилелешүү маданияты башталгыч класстын окуучуларынын ар түрдүү улуттун балдары менен жакшы мамилешип, алардын улуттук баалуулуктарына сый мамиле түзө билиши катары карасак болот.

Топтолгон олуттуу методологиялык жана теориялык материалдар илимий жактан негиздөө менен байланышкан проблеманы аныктоого мүмкүндүк берди. Бирок, проблеманын теориясын жана өлкөбүздүн мектеп-теринин практикасын талдоо окуучуларына терең тарыхый тамыры бар проблеманын маселелери ата мекендик изилдөөчүлөрдүн көңүл борборунда болсо да, Кыргыз Республикасынын педагогика илиминде учурдагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө ылайык класстан тышкаркы иштерде башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык мамилелешүү маданиятын тарбиялоо анын механизмдери илимий жактан жеткиликтүү изилдене электигин көрсөттү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Ош шаарынын төрт орто мектеби тандалып алынып, үч этаптан турган педагогикалык эксперимент өткөрүлдү. **Биринчи аныктоочу этапта (**2019–2020-ж.ж.) текшерүүчү(283 окуучу) жана экспериментальдык класстар (281окуучу) аныктадык. Бул этапта изилдөөнүн проблемасына байланыштуу илимий, илимий-методикалык адабияттарды, Кыргызстандын мектептеринде топтолгон тажрыйбаларды үйрөнүп, талдап, изилденип жаткан проблеманын теориядагы жана практикадагы абалын жана класстан тышкаркы иштердин алгылыктуу формаларын аныкталык. Изилдөөбүздүн максаты класстан тышкаркы иштердин башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын калыптанышына тийгизген таасиринин натыйжалуулугун аныктоо болду.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштурууда төмөндөгү принциптерине көңүл бөлдүк:

– башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо инсанга багытталган мамиле кылууга ;

– чоңдор менен балдардын ортосунда гумандуу мамиленин болушуна;

– башка улуттун каада салтын,маданиятын, улуттук мүнөзүн урматтоого жана башка улуттун балдарына өзгөчө көңүл буруууга;

– балдардын улуттук маданияттын элементтерин аң сезимдүү кабыл алуусун активдештирүүгө;

– балдарды башка улуттун маданияты, эл чыгармачылыгы, каада салты ж.б.лары менен тааныштырууга.

Изилдөөнүн алгачкы этабында эксперименталдык жана текшерүүчү топтогу башталгыч класстын окуучуларынын өзүн идентификациялай ала тургандыгынын деңгээлин аныктадык. .№1- таблицадан педагогикалык эксперименттин башталышында жүргүзүлгөн изилдөөдө эки топтун окуучуларынын өзүн идентификациялоосунун көрсөткүчтөрү бирдей деңгээлде болгондугун көрө алабыз. Алынган материалдарды талдоо башталгыч класстын окуучусунун көпчүлүгү өзүн идентификациялоого даяр эмес экендигин көрсөттү. Эки топтун окуучулары өз улутун билгени менен улутуна таандык үрп-адаттары, каада–салты, маданияты ж.б.у.с. маселелер боюнча түшүнүктөрү жетишсиз

Изилдөөнүн аныктоочу этабында диагноздоонун методдорунун комплексин колдонуу менен башталгыч класстын окуучуларынын улуттар аралык маданиятка мамиле жасоосунун калыптанышынын деңгээлин аныктадык. Деңгээлди аныктоодо окуучулардын өз улутунун жана башка улуттардын баалуулуктары боюнча билими, аларды туура түшүндүрө алышы, мамиле түзө билиши ж.б. жагдайлар эске алынды. Бул көрсөткүч эксперименталдык жана текшерүүчү топтордо негизинен бирдей деңгээлде болгон. Эки топтун окуучуларынын арасында башка улуттун улуттук баалулуктарына карата терс көз караштагы окуучулар бар(таблица №2).

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде башталгыч класстын окуучулары төмөндөгүдөй кыйынчылыктарга туш боло тургандыктарын аныктадык:

– көпчүлүгүнүн азыркы кездеги өзүнүн улуту, каада-салты, маданияты ж.б.у.с. маселелер жөнүндө жеткиликтүү маалыматтары жок;

– алар мамилелешүүнүн маанисин билишсе дагы ал багытта көндүмдөрүнө ээ эмес;

– башталгыч класстын мугалимдери жана ата-энелер окуучулардын улуттар аралык мамилелешүүмаселеси боюнча агартуучулук жардамга муктаж.

Аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжалар төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди:

– башталгыч класстын окуучулардын улуттук өзүн идентификациялоосу деңгээли төмөн,

– башталгыч класстын окуучулардын өзүнүн улутунун өзгөчөлүктөрү, маданияты ж.б. маселелер боюнча түшүнүктөрү калыптанбаган;

– өзүн улут катары таанып билүү жөндөмү калыптанбаган, даярдыгы жок;

– окуучулардын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо негизинен мугалим тарабынан гана жүргүзүлөт;

– ата-энелердин көпчүлүгүнүн улут маселеси жөнүндө жеткиликтүү түшүнүктөрү жок;

– мектептерде жүргүзүлгөн иш чараларга анча деле маани беришпейт жана үйдө бул багытта балдары менен максаттуу иш алып барышпайт;

– тарбиялык иштин натыйжалуулугун арттыруу үчүн мугалимдердин жана ата-энелердин улут маселеси боюнча билимин тереңдетүү зарыл.

Калыптандыруучу этапта (2020–2022-ж.ж.) төмөндөгү милдеттерди чечүүгө көңүл бөлдүк:

1) башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоо менен өзүн идентификациялай билүү жөндөмүн, мамилелешүүдөгү жүрүм-турум эрежелери жөнүндө билимдерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;

2) улуттар аралык маданиятка тарбиялоо чөйрөсүндө позитивдүү ишенимдерди калыптандыруу (өз улутуна аяр мамиле кылуу, элдерди салыштыруу, элдер менен тилектештик, улуттук кадыр-баркты сыйлоо);

3) окуучулар арсында келип чыккан улуттар аралык чыр-чатакты чечүүнүн жолдорун үйрөтүү.

Ушул милдеттерди чечүү үчүн педагогикалык эксперименттин программасында өлкөбүздө жашаган кыргыз, орус, өзбек, тажик, дунган, казак, уйгур жана башка улуттардын маданиятынын чагылдырган фольклордук жанрдагы чыгармаларга, элдик ыр- бийлер, оюндар, балдар үчүн жазылган жомоктору, үрп-адаттары жана каада-салттары менен тааныштыруу камтылган. Бул материалдар балдардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө жардам берүү үчүн иштелип чыгып, алардын жаш курагына ылайыктуу эмоционалдык (юмор), моралдык (боорукердик, сүйүү, макулдук) жана жүрүм-туруму эрежелери (камкордук, өз ара жардамдашуу, этикет, меймандостук), улуттук баалуктар тууралсында билимге ээ кылууну көздөдү.

Башталгыч класстын окуучуларынын өзүн идентификациялай билүү маселесин чечүү үчүн эксперименталдык класстын окуучуларынын арасында төмөндөгүлөргө көңүл бөлдүк:

1) окуучуларды өз улуту жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдерди калыптандыруу;

2) окуучуларды улуттук идентификациялоого байланышкан маалыматтарды үйрөнүүгө багыттоого;

3) башка улуттун маданиятына, тилине, каада-салтына сый мамиле жасоого тарбиялоо;

4) улуттук терс карашка жана улуттук ишенбөөчүлүккө каршы туруу жөндөмүн калыптандыруу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө эксперименталдык топтогу терс караштагы жана төмөнкү деңгээлдеги окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен калыптандыруучу этапта алар менен жекече иш алып барууга өзгөчө көңүл бөлүп, алардын башка улуттун өкүлдөрүнө карата терс сезимдерин жоюп, позитивдүү көз карашын калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

1) Кыргызстан көп улуттуу өлкө экендигин түшүндүрүүгө;

2) Улуттардын тең укутуулугу тууралуу маалыматтарга ээ кылууга;

3) Улуттук маданияты, каада-салты ж.б. айырмачылыктардын себептери жөнүндө билимди калыптандыруу;

4) адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга аң сезимдүү жана сыймамиле жасоонун жүрүм-туруму калыптандырууга.

Эксперименталдык топтун окуучулары менен ушул маселелерди чагылдырган класстан тышкаркы иштердин ар түрдүү алгылыктуу формалары (аңгемелешүүлөрдү, улуттук майрамдарга катыштырууга, башка улуттардын жомокторун биргелешип окууга, спорттук мелдештерди өткөрүүгө ж.б.), «Мекеним Кыргызстан» деп аталган класстык сабактардын

цикли уюштурулду. Класстан тышкаркы иштердин системасын өткөрүүдө башталгыч класстын мугалимдери башка улуттун каада салты, маданияты, улуттук баалуулуктары ж.б.у.с.маселелер менен тааныштырууда балдар үчүн жазылган адабияттарды, ММК-тарын, маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн, элдик педагогиканын каражаттарын ж.б.у.с. материалдарды пайдаланышып, эксперименталдык топтун ата-энелерин тарбиялык иш чараларга системалуу катыштыра алдык. Алардын жүрүшүндө окуучулар мамилешүү маданиятынын тажрыйбасына ээ болушуна, позитивдүү сезимдер калыптандырууга көңүл бөлдүк.

**Изилдөөбүздүн үчүнчү этабында** (2020-2021-ж.ж.) педагогикалык педагогикалык эксперименттин жыйынтыгын чыгардык. Төмөндө алынган натыйжаларга кыскача токтоло кетели.

Окуучулар Кыргызстанда жашаган улуттар, өз улутунун жана башка улуттун тарыхы, маданияты каада салты ж.б. маселелер боюнча жаңы билимдерге ээ болушкандыктарын жана өзүн идентификациялай тургандыктарын көрсөтө алышты (№ 1-таблица)

**Таблица. 1. – Башталгыч класстын окуучусунун өзүн идентификациялоо боюнча маалыматка ээ болушу (% менен)**

| Топтор | | Жакшы билем | | | | Жалпы жонунан билем | | | | Толук билбеймин | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эксп. чейин | | Эксп. кийи | | Эксп. чейин | | Эксп. кийин | | Эксп. чейин | | Эксп. кийин |
| Эксп.топ (281окуучу) | | 17% | | 53% | | 29% | | 38% | | 54% | | 9% |
| Текш.топ. (283 окуучу) | | 15% | | 30% | | 31% | | 33% | | 54% | | 37% |

Натыйжада эксперименталдык топтун окуучулары өзүнүн улуту жөнүндө толук билип өзүн идентификациялай алгандар 17%дан 53%га, жалпы жонунан билгендер 29%дан 38%га өсс, билбегендер 9%га чейин азайган.Бул көрсөткүч текшерүүчү топто 30%, 33% жана 37%ды түзгөн .

Калыптандыруучу этаптын соңунда окуучуларынын арасында улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруунун деңгээли өзгөргөндүгүн аныктай алдык(Таблица № 2).

**Таблица 2. – Окуучуларынын арасында улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруунун деңгээли.**

| Деңгээл | Текшерүүчү класстар (283) | | Эксперименталдык класстар (281) | |
|---|---|---|---|---|
| | эксперименттин башында | эксперименттин соңунда | эксперименттин башында | Эксперименттин соңунда |
| Терс | 7% | 5% | 6% | - |
| Төмөн | 51,0% | 48,% | 50% | 27% |
| Орто | 31% | 33% | 34% | 43% |
| Жогору | 11,% | 14% | 10% | 30% |

**Бул көрсөткүч** эксперименталдык топто жогорку жогорку деңгээл 10%дан 30%га, орто деңгээл 34% дан 43%га өссө, төмөнкү деңгээл 50%дан 27% га чейин азайып, терс көз

караштагылар калган эмес. Эксперименталдык класстын окуучуларынын арасындагы терс көз караштагы окуучулар башка улуттардын балдары менен достук мамиле түзүү керектигин белгилешкен. Ал эми текшерүүчү топто жогорку деңгээл 11 %дан 14%га, орточо деңгээл 31%дан 33%га өссө, терс көз караштагылар 2%га гана азайган. Эксперименттин соңунда текшерүүчү топтун окуучуларынын арасында башка улуттардын өкүлдөрүнө карата терс мамилеси сакталып калгандыгын белгилей кетүү керек.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар педагогикалык эксперименттин максаты негизинен ишке ашты деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Калыптандыруучу этаптын соңунда эксперименталдык топтогу башталгыч класстын окуучуларын улуттар аралык маданиятка тарбиялоодо төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болду: окуучулары адеп-ахлак жөнүндө, жалпы жүрүм-турум эрежелери, принциптери жана талаптары жөнүндө билимдерге ээ болушуп, Кыргызстандын көп улуттуу өлкө экендигин түшүнүшүп,өздөрүнүн улутунун жана алар менен түздөн-түз байланышта болгон улуттардын өзгөчөлүгүн аңдап, келип чыгыш тарыхына өзгөчө кызыгуу көрсөтө башташты. Алар башка улуттардын өкүлдөрү менен достук мамиле түзүүгө умтулушкан.

Демек, максаттуу жүргүзүлгөн класстан тышкаркы иштердин системасы башталгыч класстын окуучуларынын конкреттүү кырдаалдарды, окуяларды, кубулуштарды талдоо жана адекваттуу чечимдерди кабыл алуу жөндөмүн өркүндөтүүгө жардам берет. Улуттар аралык маданиятка тарбиялоо процесси мектеп окуучулары өз улутунун жана башка улуттардын улуттук баалуулуктарын түшүнүүсү, сый мамиле жасап алардын өкүлдөрү менен мамиле түзө билүүсү менен мүнөздөлөт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы «2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө». Бишкек шаары, 2020-жылдын 13-ноябры ПЖ. – № 39
2. Абдулатипов Р.Г. Человек. Нация. Общество. – М.,. 1991. – С. 16–17.
3. Абэлян, В.Х. Социально-педагогические аспекты становления культуры межнациональных отношений субьектов образовательного процесса:автореферат дисс. ... канд. пед. наук / В.Х. Абэлян. – Майкоп, 1998. – 24 с.
4. Адылбек кызы Гүлназ. Влияние национально-психологических факторов на поликультурное воспитание младших школьников: Автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.01 «Общ. педагогика, история педагогики и образования» / Адылбек кызы Гүлназ. – Бишкек, 2005. – 23 с.
5. Ажмякова, Н.Н. Межкультурное воспитание младших школьников в учебном процессе: На примере обучения иностранному языку: автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.01 «Общ. педагогика, история педагогики и образования») / Н.Н. Ажмякова. – Ижевск, 2003. – 20 с.
6. Алтаев, М.А. Воспитание учащихся в духе дружбы народов и пролетарского интернационализма в процессе изучения истории Киргизии в курсе истории СССР. Автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.02. / М.А. Алтаев. – Фрунзе: КГУ,1967. – 22 с.
7. Асипова, Н.А. Взаимосвязь интернационального и нравственного воспитания в школах с несколькими языками обучения / Н.А. Асипова. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – 64 с.
8. Асипова, Н.А Характеристика особенностей межнационального общения школьников. В кн.: Вопросы обучения учащихся молодежи. – Бишкек: КГФИК, 1991. – С. 90–92.

9. Асипова, Н.А. Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников: Монография. – Бишкек: Илим, 1994. – 109 с.

10. Асипова, Н.А. Межкультурные коммуникации и поликультурное образование. – Бишкек 2015. – 233 с.

11. Гасанов З.Т. Национальные отношения и воспитание культуры межнационального общения // Педагогика. – 1996. – №6. – С. 51–55.

12. Гурьева, С.Д. Межэтнические отношения: теория, концепции, методы. Монография / С.Д. Гурьева. Germany, LAP LAMBERT Academic Publishing GmbH &Co. KG. 2011. – 328 с.

13. Мунгиева, Н.З. Воспитание культуры межнационального общения как средство формирования этнической толерантности // Пед. образование и наука: науч.-метод. журнал. 2013. – №1. – С. 117–120.

14. Дробижева, Л.Н. Социальные проблемы межнациональных отношений в постсоветской России / Л.Н. Дробижева. – М.: Центр общечеловеческих ценностей, 2003. – 376 с.

15. Ионова, В.И. Внеклассное чтение как одно из средств руководства самовоспитании младших шкльников. [Текст]: Автореф. дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / В.А. Ионова. – Фрунзе: КГУ, 1975

16. Кожобаев, А. Методика формирования знаний у десятиклассников о развитии межнационального общения (на примере истории Кыргызстана) [Текст]: Автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.02) / А. Кожобаев. – М., 1991. – 16 с.

17. Комаров, В.П.. Теоретические основы воспитания культуры межнационального общения учащихся средней профессиональной школы: Дисс. ... д-ра пед. наук. – Казань, 1996. – 42 с.

18. Кочетова, Е.А. Воспитание культуры межнационального общения у младших школьников: автореф. дис. ... канд. пед. наук: (специальность 13.00.01 «Общ. педагогика, история педагогики и образования» / Е.А. Кочетова. – М., 2006. – 20 с.

19. Кусарбаев, Р.И. Теория и практика формирования культуры межнационального взаимодействия у студентов высших учебных заведений: монография / Р.И. Кусарбаев. – Челябинск, 2009. – 209 с.

20. Мудрик, А.В. Общение как фактор воспитания школьников. – М.: Педагогика, 1984. – 111 с.

21. Мунгиева, Н. З. Воспитание культуры межнационального общения как средство формирования этнической толерантности // Пед. образование и наука: науч.-метод. журнал. – 2013. – №1. – С. 117–120.

22. Гурьева, С.Д. Межэтнические отношения: теория, концепции, методы. Монография / С.Д. Гуриева. Germany, LAP LAMBERT Academic Publishing GmbH &Co. KG. 2011. 328 с.

23. Тимофеева, Л.Ф. Организация внеклассной работы в школах с несколькими языками обучения как фактор создания коллектива учащихся. [Текст]: Автореф. дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / В.А. Ионова. – Фрунзе: КГУ, 1970.

24. Юнусходжаев, А. Воспитание учащихся в духе дружбы народов и социалистического инернационализма в школах Киргизии: Автореф. дисс. … канд. пед. наук. – Ташкент, 1982. – 20 с.

25. Чернышов, И.В. Воспитание культуры общения учащихся младших классов на примерах позитивного поведения: дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / И.В. Чернышов [Место защиты: Воронеж. гос. ун-т]. – Воронеж, 2010. – 178 с.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Сулайманова Р.Т.**